БЕКИТЕМ
Директор
Исанова Ж.М
30.08.2020-ж. №1 педкеңештин
чечими менен бекитилди

№87ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИНДЕГИ ТҮЗҮЛГӨН ПРОФИЛАКТИКАЛЫК КЕҢЕШТИН

**ЖОБОСУ**

Ички иштер министрлигинин №218 26.08.2008 жылындагы буйругунун жана Билим жана Илим министрлигинин №524 /126.07.2008ж. буйругунун негизинде

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

Профилактика кеңеши балдар укугунун конвенциясы жана КР нын 25- июнь 2005 – жылдагы №82 мыйзамына ылайык түзүлөт.

## 2. ИШТЕРДИН МАЗМУНУ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Кеңештин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

2.1 Өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун жана алардын көзөмөлсүз калуусунун алдын алуу, окуучулардын укук маданиятынын негиздерин билүүсүн жана законго баш ийүү жүрүм- турумун калыптандыруу.
2.2. Кеңештин мүчөлөрү укук бузуулардын алдын алуу боюнча мектептин пландоо иштерине катышат.
2.3 Профилактика кеңеши мектептин администрациясы чыгара турган буйруктарга рекомендация мүнөзүндөгү чечимдерди кабыл алат жана ошонун негизинде буйрук чыгат.

## 3. ПРОФИЛАКТИКА КЕҢЕШИНИН КУРАМЫ

3.1 Профкеңештин курамына мектеп администрациясынын өкүлү, кеңештин мүчөлөрү, ЖОИнин инспектору, тарбия завучу, социалдык окутуучу, коомчулуктун өкүлдөрү, ата-эенелер, жогорку класстын окуучулары, ата-энелер комитетинин мүчөлөрү кирет.

## 4.ПРОФИЛАКТИКАЛЫК КЕҢЕШТИН СТРУКТУРАСЫ

4.1 Профкеңеш өздөрүнүн курамынан ачык добуш менен өздөрүнүн төрагасын,төраганын орун басарын, секретарын жана башка мүчөлөрүн шайлашат.

4.2. Профилактикалык кеңештин комиссиялары “Оор үй- бүлөлөр менен иш алып бара турган комиссия балдардын укугунун сакталышы жана социалдык коргоо боюнча иш алып барат.

- “Оор окуучулар” менен иштей турган комиссия окуу- тарбия тартип, окуу процесснинин уюштурулушу, тартип бузуучулардын алдын алуу, өспүрүмдөр

арасындагы кылмыштуулук, алардын көзөмөлсүз калышы, балдардын эс алуусу боюнча иштерди алып барат.

- Укук комиссиясы керектүү документтерди иштеп чыгат, укук бузуулардын алдын алуу боюнча комиссиянын ишине көзөмөл кылат, комиссиялардын, Прокеңештин ишинкоординациялайт КДД ( баллдар иштери боюнча комиссия) , ОПСД (соц.коргоо) менен ЖОИ байланышын ишке ашырат.

## 5. ПРОФИЛАКТИКАЛЫК КЕҢЕШТИН ИШ-АРАКЕТИН УЮШТУРУУ

5.1 Профкеңеш өзүнүн отурумун айына бир жолу өткөрөт, айрым керек учурда кезексиз отурум өтүшү мүмкүн.

5.2. Профкеңештин чечими көпчүлүк добуш менен кабыл алынат 3/2

5.3.Профкеңеш өзүнүн отурумунда кабыл алынган жана билим берүү мекемесинин жетекчиси менен макулдашылган план боюнча иш алып барат.

5.4. Профкеңештин ар бир кеңешмесине протокол жазылат.

5.5. Отурумдардын ортосундагы убактарда анын перзидиуму иш алып барат. Анын курамы 6 кишиден турат:

- Төрага
- Төраганын орун басары
- Үч комиссиянын төрагасы
- Секретарь

## 6. ПРОФИЛАКТИКАЛЫК КЕҢЕШТИН МҮЧӨЛӨРҮНҮН ФУНКЦИЯЛАРЫ

### 6.1 ПРОФКЕҢЕШ ТӨМӨНКҮЛӨРГӨ УКУКТУУ

- Укук бузуу, көзөмөлсүз калуу, өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулук боюнча бардык суроолорду кеңештин талкуусуна коюуга;
- Профкеңештин отурумуна тиешелүү ата-энени же аны ордуна жооптуу кишини , окуучуну чакырып сүйлөшүүгө, жеке сүйлөшүүгө чакырууга ж.б.;
- Окуучулардын окуусу, тарбиясы, үй- бүлөсүндөгү мамилелер боюнча маалыматтар сабак берген мугалимдерден жана класс жетекчилеринен сурамжылоого;
- ЖОИ менен бирге укук бузуу, өспүрүмдөр арасындагы кылмштуулуктун алдын алуу боюнча рейддерди түзүүгө;
- Уку бузуулардын алдын алуу боюнча мугалимдердин иштеген иштерин угууга.

### 6.2 ПРОФИЛАКТИКАЛЫК КЕҢЕШ МИЛДЕТТҮҮ

- Мектептин ички учетуна коюу;
- Мектептин администрацияна билдирүү, биргелешип чара көрүү.

## 7.2.ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕК ӨСПҮРҮМДӨРДҮН АТА-ЭНЕЛЕРИНЕ

- Мектептин администрациясына билдирүү жана биргелешип чара көрүү.
- ЖОИнин инспекторуна билдирүү ( зарылдыгы болгон учурда)

## 8.ЧЕЧИМДЕРИН АТКАРЫЛЫШЫН КӨЗӨМӨЛДӨӨ

- Профкеңеште иши каралган өспүрүмдүн жана анын ата-энесине көзөмөл, байкоо жүргүзүү
- Кемчиликтердин четтетилгендигин аныктоо үчүн кайра угууларды өткөрүү.
- Ал өспүрүмгө бөлүнгөн жоопту адам тарабынан жекече көзөмөл жүргүзүү

## 9. ПРОФИЛАКТИКАЛЫК КЕҢЕШТИН ИШ- КАГАЗДАРЫНЫН НОМЕНКЛАТУРАСЫ.

- Окуу жылына карата иштелүүчү иштердин планы
- Кеңешмелердин протоколдоу
- Тартип бузуучулар тууралуу жана сүйлөшүүлөр тууралуу маалыматар
- Рейддердин жыйынтыгы боюнча справкалар.
- Текшерүүлөрдүн актылары

**№87 жалпы орто билим берүү мектебинин билим берүүнү башкаруу мекемеси РБББ, ички иштер бөлүмүн кызматкерлери менен биргеликте жашы жете элек өспүрүмдөр менен профилактикалык иш аракеттерди жүргүзүүнүн**

**ЖОБОСУ**

**I. Билим берүүнү башкаруу мекемеси жана жалпы орто билим берүү мектеби:**

1.1. Ички иштер бөлүмүнө токтоосуз кабар берет:

- Жашы жете элек өспүрүмдөргө ата-энеси ( же ордун басуучу), же башка жашы жете элек өспүрүмдөр ж.б. зордук – зомбулук көрсөтүп же аларды башка мыйзамга туура келбеген жагдайларга түртүп жаткандыгын байкаса.
- Мектепте же анын айланасында өспүрүмдөр жана башка жарандар тарабынан тартип жана мыйзам бузуулар болгон учурларда.
- Сабакты себепсиз көп калтырып же системалуу сабактан качкан учур байкалса.

2. Мектептеги сабактан себепсиз көп калган, турмуштун катаал сыноосуна кабылган окуучулардын учетун алуу.

3. Билим берүүнү башкаруу мекемесинде , мектепте өспүрүмдөрдүн окуусуна, тартибине көзөмөл кылып, профилактикалык иштерди жүргүзүүгө жооптуу адам дайындалат ( Социалдык окутуучу Намастев Ильяз)

4. Өспүрүмдөр арасында кылмыштуулкту болтурбоо үчүн ички иштер органдарынын кызматкерлери менен системалуу кызматташ болушат

5. ”Тобокел тобундагы” окуучуларга , класс жетекчиси, предметтик мугалимдер менен бирдикте кошумча сабактарды уюштуруу.

**II. Ички иштер органы:**

6. Билим берүү башкармалыгына жана мектепке токтоосуз кабарлайт:

- Мектептен жана башка билим берүү мекемелеринен уруксаатсыз кетип калган өспүрүмдөрдү кармаганда.
- Сабактан себепсиз калган окуучуларды аныктаганда.
- Окуучулар кылмыш жана тартип бузууларды жасаган учурда.
- Ата-энесиз же алардын ордун басуучу адам жок болуп калганын билгенде.
- Баланын өмүрүнө жана ден-соолугуна коркунуч туулгандыгы байкалганда.

7. Билим берүү башкармалыгына жана мектептерге жардам көрсөтөт, биргеликте иш алып барат:

- Сабакты себепсиз көп калтырган окуучунун жашаган жерин аныктап табууга, себептерин аныыктоого.
- Үйүнөн, мектептен, интернаттан качып кеткен окуучуларды таап келип берүүгө.

8. Билим берүү башкармалыгы жана мектеп менен биргеликте өспүрүмдөр арасында профилактикалык иштерди жүргүзүүгө.

Ал пландарда төмөнкү иш - чаралар камтылат:

- Мектеп ичинде жана андан сырткары жерлерде тартип бузуу фактыларын болтурбоо жана андай учурлар байкалганда биргелешип чара көрүү.
- Тартип бузбонун алдын алууга багытталган программаларды, эрежелерди иштеп биргелешип иштеп чыгуу.
- Жашы жете элек өспүрүмдөр үчүн ички иштер органынн кызматкерлери тарабынан укуктук пропагандалоо ишин жүргүзүү ата-энелер менен байланыш түзүү.
- Кризистик үй –бүлөлөрдү аныктоо жана аларга жардам көрсөтүүнүн жолдорун табуу.
- Өспүрүмдөрдүн арасында ЖОИнин инспекторлорунун лекцияларын уюштуруу.
- Каникул учурунда жашы жете элек өспүрүмдөрдүн эс алуусун уюштуруу.
- Мектептин айланасын , ичин антитерррдук коркунучтан коргоо.

9. Ички иштер кызматкерлери менен мектептин биргелешкен иш-аракетине РОВД жана РБББ көзөмөл жүргүзөт.

## ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕК ӨСПҮРҮМДӨР ҮЧҮН ЖЕКЕЧЕ ЖАНА ЖАЛПЫ ПРОФИЛАКТИКАЛЫК ИШТЕРДИ УЮШТУРУУ

**Тартип бузуулардын профилактикасы -** бул тартип жана мыйзам бузуунун алдын алууга багытталган идеялогиялык, тарбиялык багыттагы иш аракеттердин системасы.

**Жалпы профилактика** –кылмыштуулуктун шартын жана себебин жок кылууга багытталган.

Эгерде адам законго сыйбаган иштерди жасаган болсо анда бул мүнөзүнө жараша тартип бузуу же кылмыштуулук болуп саналат.
Бул адамдардын мыйзамды жакшы билбегенинен же жөн эле билгиси келбегендигинен келип чыгат.
Ошондуктан өспүрүмдөр жана алардын ата- энелеринин арасында мыйзамды түшүндүрүп, профилактикалык , пропагандалык иштерди жүргүзүү багытында иш – чаралар өткөрүлөт.
Ошондой болсо да айрым адамдар андай иштерге катышпай калуудан же катышса да каалабагандыгынан мыйзамды билбей, тартип бузган учурлар кездешет. Алар башкалардын оюн сыйлабай, өзүм билемдикке салып, негативдүү жүрүш- турушу менен айырмаланып турушат. Андай учурда алар менен жекече түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө туура келет.

**Жекече профилактика -** тартип бузууга нитеттенген адамдарды, өспүрүмдөрдү аныктоо жана ага өз убагында профилактикалык жардам көрсөтүү болуп саналат.
Аларды аныктоо профилактика жүргүзүүгө жоопту адамдарга жүктөлөт
( мугалим, соц. педагог, кл.жет милиция ж.б.)
Милиция кызматкерлеринин милдети - дайыма мектеп менен байланышта болуп тартип бузууга жакын өспүрүмдөрдү аныктап жана ага көзөмөл кылы туруу кирет.

**Тарбиялоочу аракеттер-** андай көз караштагы адамдарды мыйзамды сыйлай турган жаран болууга багыттоо болуп саналат. Бул багытта мектеп, ата-эне, коомчулук, милиция кызматкерлери биргеликте иш алып баруулары керек.
Бул иш аракеттердин максаты – ал адамдарда жаман адаттарын жоюуга жана жакшы сапаттарга ээ болуусуна багытталат.
Жекече профилактикалык иштерди жүргүзүүнүн жакшы жетишкендиктери бир канча уюштуруучулук жана методикалык иштерден көз каранды:
**Максаттуулук-** бул аткарыла турган профилвактикалык иштердин так аныкталган мерчеми, иш- аракеттердин системасы.
**Системалуулук –** бул ошол максатка жетүү үчүн талыкпастан үзгүлтүксүз аракеттенүү.

**Өспүрүмдүн же адамдын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу-** ар бир адамдын мүнөзүнө, курчаган чөйрөсүнө жараша аракеттерди жасоо.
Ушул методикалык иш- аракеттерди бирге алып кеткенде гана жакшы жыйынтык чыгышы мүмкүн.

Профилактикалык иштердин методикалары:

- **Ынандыруу -** учеттогу өспүрүм менен жакшы тил табышып, аны ишендирүү.
- **Сыйлоо-** аны жакшы жакка багыттоо үчүн арзыбаган иши үчүн болсо да мактап , сыйлоо кээде абдан жакшы натыйжа берет
- **Жеке үлгү –** адамдын сөзүнөн көрө , анын жүргөн турганы, адамгерчилик мамилеси, жасаган иши абдан жакшы таасир берет.
- **Көндүрүү-** бул ыкмалар иштебеген кезде көндүрүү ыкмасы пайдаланылат.